**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЦИФРОВОГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

---

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

______________________№___ Бишкек ш.

## “Даректик-маалымдама бюросу” автоматташтырылган маалыматтык системасында маалымкаттардын жана арыздардын формаларын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 31-июлундагы № 435 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандарын жашаган жери жана барган жери боюнча каттоо жана каттоо эсебинен чыгаруу эрежелери жөнүндө жобонун 16-пунктун ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 257 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги жөнүндө жобонун 19-пунктунун 16-пунктчасына ылайык **буйрук кылам:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- каттоо эсебине алуу жөнүндө даректик маалымкаттын формасы 1-тиркемеге ылайык;
- каттоо эсебинен чыгаруу жөнүндө даректик маалымкаттын формасы 2-тиркемеге ылайык;
- каттоо маалыматтарынын жоктугу жөнүндө даректик маалымкаттын формасы 3-тиркемеге ылайык;
- дарек боюнча катталган жарандар жөнүндө маалымкаттын формасы 4-тиркемеге ылайык;
- Табылга бюросунун маалымкатынын формасы 5-тиркемеге ылайык;
- жаранга турак жай берген адамдын электрондук арызынын формасы 6 жана 7-тиркемелерге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаменти Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу “Инфоком” мамлекеттик ишканасы жана Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу “Түндүк” мамлекеттик мекемеси менен бирдикте ушул буйруктан келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрсүн.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2022-жылдын 3-мартындагы № 63 "Даректик-маалымдама бюросу" автоматташтырылган маалыматтык системасынын маалымкаттарынын үлгүлөрүн бекитүү жөнүндө" буйругу;

2) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2022-жылдын 3-мартындагы № 64 "Даректик-маалымдама бюросу" автоматташтырылган маалыматтык системасында иштөө регламентин бекитүү жөнүндө" буйругу;

3) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-жылдын 2-майындагы № 152 "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" буйругу.

4. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин басма сөз кызматы бул буйрукту Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин расмий сайтына жарыяласын.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министринин орун басары К. С. Омельченкого жүктөлсүн.

**Министрдин у.м.а.** **Ж.Б. Жумалиев**